ЖУМАШОВА Н.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# МАНАСТЫН АТА-БАБАЛАРЫ

# (М.ЧОКМОРОВДУН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА)

*Бул макалада таланттуу манасчы Мамбет Чокморовдун варианты боюнча Манастын ата-бабалары жөнүндөгү окуялар башка манасчылардын вариант-тары боюнча салыштырылып каралды.*

Кыргыз эли өзүнүн узак тарыхый жолунда не деген олуттуу окуяларды башынан өткөрүп, сырттан басып кирген душмандардан өз жерин, эркиндигин коргоп, эл деген атын сактап келген байыркы элдердин бири экендигин окумуштуулар бир ооздон адилеттүү белгилеп келүүдө. Мына ошол зор тарыхый окуялар, жашоо–тиричилиги, дүйнөгө, коомго болгон мамилеси, көз карашы, келечекке карата болгон асыл ой-тилектери «Манас» өңдүү эпопеяда көркөм сүрөттөлүп, муундан муунга, атадан балага кереметтүү, баалуу мурас катары өтүп келген. Кыргыз элинин бийик туусу, улуттук намысы, улуу сыймыгы, мактанычы болгон «Манас» эпосу – дүйнөдө сейрек учураган, кайталангыс зор монументалдуу поэтикалык эстелик.

«Манас» эпосунда кыргыз элинин сырттан басып кирген күчтүү, каардуу, ырайымсыз душмандарга каршы жүргүзгөн көп кылымдык бoштондук күрөшү – чыгарманын идеялык мазму-нун аныктаган башкы тема. Эпостун башкы проблемасы - жалпы элдик биримдик, ынтымак. Эпостун негизги мазмунун, басымдуу бөлүгүн согуштук окуялар, ар кандай мүнөздөгү казаттар түзөт. Деги эле Манас баатырдын эпикалык биографиясы, бала чагынан өлгөнгө чейинки өмүрү сырттан басып кирген душмандардын тынымсыз кандуу чабуулдарына каршы үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшү менен өтөт. Манас баатыр бүлүнгөн, чачылган ар кандай урууларды бириктирип, эл кылат. Ошону менен бирге эле «Манас» эпосунда элдин жай турмушу, үрп-адат салты, коңшу элдер менен болгон өз ара мамилеси, карым-катышы, жашоо тиричилиги да бир кыйла кеңири, бөтөнчө көркөм сүрөттөлгөнү өзгөчө олуттуу, маанилүү орунга ээ экендиги белгилүү. Буга Манастын балалык чагы, Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашы өңдүү көлөмдүү, өзгөчө кеңири сюжеттүү, окуяларга бай бөлүмдөр күбө. Мындан сырткары, Манас баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү баян да өзүнчө сюжет болуп айтылып, бир катар белгилүү манасчылардын варианттарын-да өзүнчө орунга ээ болуп, кеңири сюжеттик мүнөзгө ээ. Ырас, айтуучунун шыгына, талантына жараша айрымдарында кыска, схема түрүндө баяндалса, айрымдарында кеңири, өзүнчө жеке сюжет болуп баяндалат. Бабалардын ата-теги жөнүндө баян –түрк, монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында кеңири учурап, бекем салтка айланган сюжеттик мотив. Мындай сюжеттик традициялык мотив –көчмөн элдердин тарыхый турмушу менен байланышкан көрүнүш, т.а., уруулук-феодалдык доордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири.

Манас баатырдын эпикалык биографиясынын мындай өзгөчөлүгүн

В.М.Жирмунский да бөтөнчө белгилейт: «Эпическая биография Манаса, в соответствии с патриархально-родовыми представлениями, начинается с описания его родословной» [8, 35-бет]. Бирок баатырдын ата-теги жөнүндөгү баян жөн гана куру сөз, уруулук феодалдык доордун мүнөздүү бир белгиси эмес. Кеп башкада, т.а., баатырдын ата-бабаларынын ким болгондугун угуучуларга жеткирүү. Оюбуз далилдүү, негиздүү болуш үчүн С.Каралаевдин варианты боюнча мисалга кайрылып көрөлү. Баатырдын ата-теги мындайча баяндалат:

«Түп атасы түгөл кан,

Башкы атасы баары кан,

Түбүнөн кудай даарыган,

Түнөп өткөн жерине,

Түптүү терек оонаган,

Түптү кудай колдогон».

Келтирилген мисалда баатырдын ата-теги жөнүндөгү баян көркөм гана сүрөттөлбөстөн, ата бабаларынын баары кан, касиеттүү, өзгөчө белгилүү инсандар болгонун маалымдайт да, эпикалык идеализациянын ыкмасын колдонот. Мындай көркөм ыкма, эпикалык идеализация «Манас», «Семетей» эпосторунда жыш учурайт. Кыскасы, бул салттык сюжеттик мотив дээрлик бардык манасчылардын, семетейчилердин варианттарында бар. Бул да кокустук көрүнүш эмес. «Манас» эпосу - негизинен, уруулук-патриархалдык доордун олуттуу тарыхый окуяларын көркөм чагылдырган баатырдык эпос. Демек, эпосто ошол доордун үрп-адат салты, көз карашы, коомго, күнүмдүк турмушка, жашоо тиричиликке карата болгон мамилеси, түшүнүгү эпосто кеңири орун алары талашсыз чындык.

Доорубуздун улуу жазуучусу, кыргыз адабиятынын классиги Чыңгыз Айтматов манастаануу илимине олуттуу салымын кошкон илимпоз катары «Манас» эпосунун көөнөрбөс, өлбөс-өчпөс улуу касиетин өтө жогору баалап, мындай бир олуттуу пикирин билдирет: «Кылым кылымга, доор доорго алмашып турганда, кыргыз эли жана жалпы адамзат тирүү турса, улуу «Манас» кыргыз элинин байыркы ата-бабаларынын калтырган руханий жаркын жылдызы, байыркылардын рухунун туу чокусу катары жашай берет».

«Манас» эпосун бүгүнкү көз кайкыган бийиктигине жеткирүүдө элдик таланттардын, манасчылардын ролу зор экендиги жалпыга белгилүү.

Мамбет Чокморов – мына ушундай таланттуу манасчылардын бири. Тилекке каршы, бул чоң манасчынын баалуу көркөм мурасы ушу күнгө чейин атайын кеңири илимий изилдөөнүн обьектиси болбой келе жатат. М.Чокморов «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун оригиналдуу варианттарын жараткан, өзүнүн жеке өзгөчөлүгү, багыты бар белгилүү Каракол мектебинин типтүү өкүлү.

М.Чокморов – «Манас» эпосунун өзөк окуяларынын жалпыга тааныш салттык белгилерин бекем сактаган манасчы. Анын айтуусунда Манастын ата-бабалары, Манас баатырдын төрөлүшү, Каныкейге үйлөнүшү, Көзкамандар окуясы, Алмамбеттин жомогу, Чоң казат, Манастын өлүмү, ага күмбөз салуу менен бүтөт. Эгер С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарында «Манас» эпосу бир өңчөй ыр менен айтылса, ал эми М.Чокморов кара сөз менен ырды бирдей «Манас» эпосуна пайдаланып, жөө жомоктун стилине салып, көркөм баяндайт. Манас баатырдын эпикалык биографиясы патриархалдык-уруулук доордун шарты боюнча баяндоо баатырдын ата-теги, башкача айтканда, жети атасын айтуудан башталат. Бул – «Манас» эпосунда кеңири учурап, бекем салтка айланган туруктуу көрүнүш.

Дээрлик бардык манасчылар Манас баатырдын ата-бабаларын өзүнчө баян кылып айтышат. Патриархалдык-уруулук доордун шарты боюнча баатырдын ата-теги, жети атасын айтуудан баян башталат. Бул эпосто – өзүнчө бир туруктуу, бекем салтка айланган сюжеттик мотив.

Сагымбай Орозбаков Манас баатырдын ата-бабаларын мындай баяндайт:

«Бай, Байдан Жакып,

Ушулардын тукуму

Улук болгон кара кан

Кара кандан кийинки

Байгур, Бабыр тараган

Бабырдын уулу Төбөйкан,

Кызмат кылган канча жан.

Төбөйдүн уулу Көгөйкан

Ногойдон - Ногой, Шыгайдыр.

Кенже иниси Чыйырды деп

Бул кеткендерден калган кеп».

Ал эми Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манастын ата-бабалары бир кыйла башкача, көркөм сүрөттөлөт.

«Түп атасы Түгөл кан

Түбүнөн кыдыр даарыган

Башкы атасы баары кан,

Башынан кыдыр даарыган.

Түп атсы Бөйөн кан

Бөйөн кандан Чаян кан.

Чаян кандан Ногой кан.

Атасынын бабасы

Арстандын тукуму.

Ногой кандан бала кан

Бала кандан Каракан.

Каракандан тараган,

Кара ниет Жакып кан,

Жакып кандан кан Манас».

Эки улуу манасчынын баатырдын ата-бабаларын баян этүүдө жалпы окшоштуктар менен бирге айрым бир мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар экендиги байкалат.

С.Орозбаков Манастын ата-бабаларын жөн гана санап койсо, С.Каралаев аларга мүнөздөмө берип, алардын баары кереметтүү, касиеттүү адамдар, кан болгондугун көркөм сүрөттөйт. Ырас, «кан», «падыша», «султан» деген туруктуу эпитеттер – «Манас» эпосуна кийин кирген көркөм каражаттар. Эл өзүнүн сүйгөн баатырына бардык асыл сапаттарды ыйгара бериши – мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Манас баатырдын образында кандык бийлик, мансап, байлык жок. Ырас, Манасты ак кийизге салып кан көтөрүшөт, алтын такка мингизишет. Баатырдын образын көркөмдөш үчүн эпикалык идеализациялоо үчүн колдоно турган көркөм ыкма катары түшүнүп, баалаш керек.

Ал эми Мамбет Чокморов Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевден айырмаланып, Манас баатырдын ата-бабаларынын баянын кара сөз менен узун, көлөмдүү баян кылып айтат. Мындай өзгөчөлүк сейрек көрүнүш болгону менен, башка манасчыларда да учурайт. Белгилүү жазгыч акын, манасчы, семетейчи Тоголок Молдо Манастын ата-бабаларын отуз эки муунга чейин айтканы бар. Мындай көрүнүш кокустук эмес экендигин, угуучулар күнөм санабасын деген мааниде Т.Молдо мындай эскерип кеткен жери бар:

«Манастын жайын пален деп

Болбосун мында талашың!.

Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баянда системалуу, бирдей мазмундагы айтылган сюжет жок экендигин белгилүү окумуштуу, манастаануучу Э.Абдылдаев өз пикиринде мындайча билдирет: «Эпосту Манастын ата-бабаларын териштирүү

принцибинен баштоо манасчылар үчүн адатка айланса да, туруктуу орток генеалогиялык система жок».

Ошентип, Манастын ата-бабалары жөнүндө баян дээрлик бардык манасчыларда айтылганы менен так, даана, системалуу баян жок экендигине күбө болобуз. Ырас, «Манас» эпосу -жазылып калган тарых эмес, баарынан мурда, оозеки айтылып келген элдик мурас. Эпостон реалдуу окуянын изин, каармандарынын прототибин табуу - өтө татаал иш. Аны издеп, аракет кылуу оң жыйынтык бербейт. Белгилүү манасчы Молдобасан Мусулманкулов Манастын ата-бабалары Сагымбайдын вариантына жакын баяндайт:

«Түп атасы Түбөй кан

Түбөй кандан Чаян кан

Чаян кандан Боен кан

Боен кандан Ногой кан

Кара кандан кан Жакып».

Ал эми баарын кан кылып сүрөттөгөнүнө караганда, Саякбайдын вариантына окшоп кетет. Жогоруда биз М.Чокморовдун варианты кара сөз менен башталып, Манастын ата-бабаларын жөнүндөгү баян башкалардан айырмаланып көлөмдүү, кеңири айтыларын эскерткен элек. Эми кыскача ошо баянга токтолуп көрөлүк.

М.Чокморов Манастын ата-бабаларын кара сөз, ыр аралаштырып кеңири сюжеттүү, окуяларга бай, бир кыйла көркөм сүрөттөп берет. Мисалы, Асан Кайгынын образына мүнөздүү болумуш-аңыздарда айтылып жүргөн өзгөчөлүктөрдү М.Чокморов чыгармачылык менен өздөштүрүп, Манастын байыркы ата-бабаларынын бири катары эпоско киргизген. Бул өзгөчөлүктү кокустук көрүнүш эмес, элдик оозеки адабиятта боло бере турган табийгый көрүнүш катары баалап, туура жыйынтык чыгарсак, маселеге обьективдүү мамиле жасаган болобуз.

Манастын ата-теги кыргыз, казак, кара калпак элдеринин оозеки адабиятында уламыш, аңыз түрүндө кеңири айтылып жүргөн Асан Кайгыдан башталганы өтө сырдуу, кызыктуу көрүнүш. Ырас, Асан Кайгы XIV-XV кылымдарда жашап өткөн белгилүү, акын, ойчул катары айтылып, бааланып жүрөт. Белгилүү окумуштуу-фольклорист Батма Кебекова өзүнүн көлөмдүү, мазмундуу жазылган «Кыргыз, казак фольклордук байланышы», «Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери» аттуу илимий эмгектеринде Асан Кайгы жөнүндө баалуу маалыматтарды берген. М.Чокморовдун айтуусунда Асан Кайгынын өмүр жолу, акындык таланты, философиялык ой-толгоолору, эл-журттун тагдырын ойлогону, зомбулукка, теңсиздикке, адилетсиздикке каршы күрөшкөндүгү жөнүндө айтуудан мурун, кыргыз фольклорунда Асан Кайгы жөнүндө кандай баалуу, олуттуу, маанилүү маалыматтар бар деген маселеге кайрылып көрөлү. Мына ушундай маселеге байланыштуу белгилүү окумуштуу Б.Кебекованын фундамен-

талдуу, илимий эмгектериндеги Асан Кайгы жөнүндөгү илимий ой-толгоолоруна далилдүү, негиздүү, илимий жагынан олуттуу мааниге ээ болгон маалыматтарына алгач токтолуп кетүүнү туура көрдүк. Б.Кебекова Асан Кайгы жөнүндө маалыматын мындайча баштайт: «Эл эсинде бек сакталган байыркы ырчылардын бири – Асан Кайгы. Ал бир канча түрк элдерине (ногой, казак, кара калпак, кыргыз) терең ойчул, акылман акын катарында кеңири белгилүү. Негизинен, анын өмүр таржымалы, жашаган аймагы, окуялары, аңыз-аңгеме, уламышка айланып кеткен. Ата-теги жөнүндө так маалымат жок. Акындын кайсы кандын мезгилинде жашагандыгы да ачык эмес» [9, 67-бет].

Ошондой эле Асан Кайгы жөнүндө так, илимий жагынан далилдүү, негиздүү маалымат жок экендигин белгилеп, бирок уламыш–болумуш, аңыз түрүндө ар кандай божомол бар экендигин айтып, мындай жазат: «Асан Кайгы Сырдын боюн жердеп, Жаныбек кандын мезгилинде Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Жээренчи чечен, алдар Көсөлөр менен бир доордо жашайт»[9, 69-бет].

Андан ары окумуштуу Асан Кайгыга мындай мүнөздөмө берет: «Асан Кайгы сергек акылдуу, кылдат баамчыл, келечекти болжой билген даанышман негизгиси, калк камын ойлоп, терең кайгыга баткан журт адамы катары мүнөздөлөт. Асан Кайгы XIV-XV

кылымдардын аралыгында өмүр сүрөт» [9, 68-бет].

М.Чокморовдун варианты боюнча «Сары-Нүкүр жана Кара-Нүкүр деген бир тууган эки кандын тушунда Ногой аттуу жалгыз уулдуу Асан Кайгы деген олуя адам болгон» - деп баян башталат. Сары-Нүкүр каардуу, ырайымсыз кан болуп сүрөттөлөт. Сары-Нүкүр – Кара-Нүкүрдүн элин кырып, адамдын баш сөөгүнөн кооз имарат салдырган ырайымсыз кан. Асан Кайгы Сары-Нүкүрдүн ырайымсыз ишине нааразы болуп, «Баштан салды дубалды, бу байкаган жок убалды», «Сыймыгы жок өзүнөн, сыйкыры качты башынан», - деп жамандыкка жоруйт.

Асан Кайгы кандын адамдын башынан кооз жай салдырганын, элге ырайымсыз болгонун ашкерелейт:

«Адилеттик жок болуп

Сурап турган журтуңду

Жаш жыгачтай кыйраттың.

Кары менен чалдарын,

Катын менен балдарын

Чыркыратып ыйлаттың,

Менин айткан кебимди

О, калдайган калың элим ук!»

Кан каарданып Асан Кайгыны өлтүрмөк болгондо, «асманда ак булут болуп созулуп, кайып ага кошулуп», Асан Кайгы олуялыгы менен жок болуп кетет. Асан Кайгы уулу Ногойду ээрчитип, жер кыдырып жүрүп, бир жайга токтолот. Уулу Ногой, «жай тар, бул жер бизге жер болбойт, элинин ичи тар экен, булар бизге эл болбойт, кетели ата», - деп кеңеш салат. Мериян талаа Жайык чөлдү баш пааналап токтошот. Кандын желдеттери келип:

«Кандын айткан кеби бар

Мериян менин чөлүмө

Пери ойногон көлүмө

Адамзаат кабылса

Байлап келгин деди эле» - деп, Асан Кайгыны алып кетээрде уулу Ногой кан жаман киши эмес, акылдуу, адилет баргын дейт.

«Коркпой, ата, барып кел,

Кандан уккан кебиңди

Ката кылбай айтып кел

Акыл угат өзүңөн».

Асан Кайгынын өз журтуна, элине жайлуу жай, конуш издеши жөнүндөгү элдик уламыш сөздөрдө да кеңири айтылат. Асан Кайгынын элине жайлуу жер издеп, жер кыдырышын окумуштуу Б.Кебекова тарыхый окуя менен байланыштырат. Окумуштуунун пикири боюнча, Асан Кайгынын калкына жайлуу жер издеп, дүйнө кыдырышына монголдордун басып кириши олуттуу себеп болгон. Монголдордун кандуу чабуулунан кийин эл өз мекенин таштап жайлуу конуш издеп кетиши реалдуу чындык катары баалануга тийиш.

Ошол түнү кан түшүндө «Астынан ажыдаар сойлоп, артынан арстан ээрчиген адамга жолугат». Түштү эч ким жоруй албай, бир кыз жоруйт. «Мейкин талаа чөлүңдү, канаттуу конбос көлүңдү бир олуя пенде ээледи. Каным сага кудай бергени», - деп, жакшы тосуп ал дейт. Кыз көздөн кайым болот, бирок экинчи ирет баягы эле түштү кан кайрадан көрөт, кыз мындай жоруйт:

«Тетиги астыңдан чыккан ажыдаар

Сенин астыңа келген кишинин

Акыры чыкчу тукуму

Алтымыш жылда ал чыгат,

Айдыңынан жан чыгат.

Чачкында жүргөн мусулман

Жыйып чыгат ал киши.

Кылычын канга боегон

Баатыр чыгат ал киши.

Кылымдан аты кетпеген

Башка чыгат ал киши

Сүйлөшүп адам жеңбеген

Кашка чыгат ал киши.

Ааламдын алы жетпеген

Баатыр болот экен да».

Эл өзүнүн сүйгөн баатырын башкалардан өзгөчөлөнтүп, бөлүп көрсөтүш үчүн ар кандай фантастикалык, жомоктук салттык сюжеттик мотивдерди кеңири колдонору белгилүү. Бөтөнчө, түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда кереметтүү түш көрүү - өзгөчө кеңири тараган традициялык мотив.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. /Китепте: Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. –Ф., 1978.
2. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. –Б., 1997.
3. «Манас» С.Орозбаковдун вариан-ты боюнча I китеп. -Ф., 1978.
4. «Манас» М.Чокморовдун вариан-ты боюнча.
5. «Манас» Энциклопедиясы. 1,2-томдор. –Б., 1995.
6. Бегалиев С. Манас эпосу. Каракол, 2003.
7. Абдылдаев Э. Мамбет Чокморов. /Китепте Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2-том., 2004.
8. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». Киргизский героический эпос «Манас». - М., 1961.
9. Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын-очерктери.
10. .Кыргыз-казак фольклорунун байланышы. -Ф., 1982.